жана кабыл алынган чечимдер чагылдырылат. Комиссиянын отурумунун протоколуна отурумда катышып олтурган комиссиянын баардык мүчөлөрү кол коюшат.

23. Комиссиянын чечими менен макул болбогон учурда, комиссия мүчөсүнүн өзгөчө пикирин билдирүүгө укугу бар, ал комиссиянын отурумунун протоколуна киргизилет.

24. Комиссиянын чечими жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын расмий сайтына жарыяланат, ал эми ал жок болгон учурда – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын маалымат тактасына (текчесине) жайгаштырылат.

25. Комиссия мүчөлөрү комиссиянын иштерине акысыз негизде катышышат.

## 4. Конкурска катышуу үчүн зарыл болгон конкурстук документтер жана аларды берүүнүн тартиби

26. Конкурска катышуу үчүн анын катышуучулары конкурстук билдирме берүүлөрү керек:

1) Ушул Жобого карата *2-тиркемеге* ылайык форма боюнча арыз;

2) паспорттун көчүрмөсү (жеке адамдар үчүн) юридикалык жак катары каттоо жөнүндө күбөлүктүн жана уставдын көчүрмөсү (юридикалык жактар үчүн);

3) сунуш (жергиликтүү демилгенин сыпаттамасы) жана бюджет.

27. Конкурстук билдирмелер комиссияга конкурстун катышуучусунун тандоосу боюнча мамлекеттик же расмий тилде, төмөнкү ыкмалардын бири менен берилиши мүмкүн:

1) кагаз жүзүндө, чапталган конвертте – жеке өзү, же болбосо почта менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына;

2) PDF форматында көчүрмөлөнгөн түрдө – электрондук почта менен жиберилет же болбосо, эгерде конкурстун шарттарында берүүнүн ушундай мүмкүнчүлүгү каралса, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын расмий сайты аркылуу жиберилет.

28. Конкурска берилүүчү сунуш (жергиликтүү демилгенин сыпаттамасы) ушул Типтүү жобого карата *3-Тиркемеге* ылайык формада түзүлөт жана төмөнкүлөрдү камтышы керек:

1) аталышы, максаттары жана кыскача сунуштар (жергиликтүү демилгенин сыпаттамасы, сунуштардын натыйжалуу жана\же жаңычыл идеялары, ошондой эле жергиликтүү демилгени ишке ашыруу ыкмалары);

2) аларды аткаруунун мөөнөттөрүн кошуп алганда, жергиликтүү демилге боюнча иш-чаралардын планы;

3) жергиликтүү демилгени ишке ашыруудан күтүлгөн натыйжалар.

29. Сунушка (жергиликтүү демилгенин сыпаттамасына) кат-милдеттенме, жүргүзүлгөн чыгымдарды, конкурстун катышуучусунун ресурстары (жергиликтүү демилгенин мазмунуна жараша) бар экенин бышыктоочу каржылык жана башка документтер, ал эми зарыл болгондо – жергиликтүү демилгени ишке ашыруунун жүрүшүндө түзүлгөн өнүмдөрдү, натыйжаларды жана объекттерди эксплуатациялоонун жана мындан ары башкаруунун планы тиркелет.

30. Жергиликтүү демилгенин бюджети ушул Жобого карата *4-Тиркемеге* ылайык формада түзүлөт жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) чыгымдардын сметасын жана чыгымдардын ар бир статьясы боюнча каржылык эсептерди;

2) суралган каржылоонун өлчөмүн;

3) өздүк салымдын жана тартылган каражаттардын өлчөмүн (жергиликтүү демилгени ишке ашыруунун алкактарында пайдаланыла турган каржылык каражаттар, транспорт, орун жай жана башка мүлктөр, жергиликтүү демилгени ишке ашыруунун алкактарында аткарылуучу жумуштар ж. б.).

31. Конкурстук билдирмелер үчүн формалар (арыз, сунуш (жергиликтүү демилгенин сыпаттамасы), жергиликтүү демилгенин бюджети жергиликтүү өз алдынча башкаруунун